**УДК 82-343:398.22(575.2)(04)**

**БЕЙШЕЕВА Ж.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ/*
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**BEISHEEVA J.**
*J.Balasagyn KNU*

# «МАНАС» ҮЧИЛТИГИ Ж.САДЫКОВДУН ДРАМАЛАРЫНДА

## Трилогия «Манас» в драмах Ж. Садыкова

## Trilogy "Manas" based on the drama by J. Sadykov

***Аннотация.*** *Ж.Садыков драмаларынын сюжеттик өзөгүн фольклордук чыгармалардан алуу менен белгилүү өлчөмдө жаңы табылгаларга ээ болушу – драматургдун сүрөткерлик чеберчилигинин бири. Пьесада ар бир образ автор тарабынан чыйрак иштелип, эпостогу жүзүн кескин өзгөртпөй, көркөмдүк жактан толук кандуу ачылган образдар чечмеленет. Эпостогу турмуштук окуяларды, реалистик адабияттын ыкмалары менен көрсөтө билүүсү Ж.Садыковдун драмаларынын өзөгүн түзүп, сюжеттик курулушуна негиз болгонун ачып берүүгө аракет кылдык.*

***Аннотация.*** *Одним из художественных достоинств драматурга является то, что сюжет драматических произведений Ж.Садыкова основан на фольклоре и имеет определенное количество новых открытий. В пьесе каждый образ проработан автором, а образы интерпретируются полностью художественно, без кардинального изменения облика эпоса. Мы постарались выявить, как в реальных событиях эпоса, умение представить его в стиле реалистической литературы составили стержень драмы Ж. Садыкова и легли в основу сюжета.*

***Abstract.*** *One of the artistic merits of the playwright is that the plot of J. Sadykov's dramatic works is based on folklore and has a number of new discoveries. In the play, each image is worked out by the author, and the images are interpreted completely artistically, without a radical change in the appearance of the epic. We tried to reveal that in the real events of the epic, the ability to present it in the style of realistic literature formed the core of J. Sadykov's drama and formed the basis of the plot.*

***Урунттуу сөздөр:*** *баатыр, автор, патриот, эпизод, сюжет, драма, эпос, образ ж.б.*

***Ключевые слова:*** *герой, автор, патриот, эпизод, сюжет, драма, эпос, образ и др.*

***Keywords:*** *hero, author, patriot, episode, plot, drama, epic, image, etc.*

Ж.Садыков драмаларынын сюжеттик өзөгүн фольклордук чыгармалардан алуу менен белгилүү өлчөмдө жаңы табылгаларга ээ болушу – драматургдун сүрөткерлик жеңиштиринин бири. Мында эл оозунда айтылган чыгармалар Ж.Садыков тарабынан жазма профессионал адабиятта кайра жаралып, идеялык-тематикалык көркөмдүгү жагынан терең чыгармалар катарында өз алдынча үн кошо алды. Кылымдар бойлоп урпакка мураска калып, эл ичинде оозеки жашап келген «Манас» дастаны өткөн кылымда эле кагазга түшүрүлүп, дүйнөлүк маданияттын энчисине айланган.

«Манас» эпосубуздун үчилтиги боюнча 1930-жылдары К.Маликов, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков менен бирдикте «Айчүрөк» операсынын либреттосун биргелешип жазышкан. Ал эми 1941-жылы «Сейтек» операсынын либреттосун, 1946-жылы К.Маликов, А.Токомбаев болуп «Манас» операсынын либреттосун биргелешип

жазышкан. Драмалык либреттолордон кийин көп бою, тактап айтканда 40 жыл аралыкта Манас эпосунун сюжетине кайрылуу жокко эсе болуп калган, ошол өксүктү Ж.Садыков эртерээк сезип, улуу эпосубуздун окуяларын, эң сонун тарбия бере турган идеяларын сахнага алып чыгууну көздөгөн.

Драматургдун «Манастын уулу Семетей» драмасы 1976-жылдан баштап жазылган, 1980-жылы кыргыз драма театрынды коюлган. Бул спектакль дароо эле көрүүчүлөр тарабынан жылуу кабыл алынган.

Аталган драма үчүн Ж.Садыков Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлыгы ыйгарылды, ошондой эле бул сыйлыкка драмадагы негизги ролдорду ойногон артисттери да ээ болушту. 1980-жылдары «Сейтек», андан кийин «Айкөл Манас» драмасы жазылды. Ушу жерден эмне үчүн «Манастын» өзүнөн баштабай, «Семетейден» баштап жазды деген табигый суроо туулушу мүмкүн. Автор «Манаска» киришүүдөн мурун ага камылга көргүсү келсе керек. Ал тууралуу автор өзүнүн бир макаласында: «Манасты драма кылып жазуу, аны сахнага койдуруу менин көптөн берки тилегим боло турган. Адегенде Манасты жазууга жүрөк даабады. 1974-жылы Ялтада драматургдардын бир айлык семинары болуп, ага катышуугу мени да чакырып калышты. Анда семинарды москвалыктар уюштуруучу. Мен Семетейди жазууну ниет кылып, топтогон материалдарым менен «Семетей» китебин ала кеттим. Оюмда, бала кезимден тартып элдик эпосторго каныгып, чыккан китептерин окуп, семетейчи, манасчыларды угуп жүргөндүктөн, жакшы эле билем го деген компоюум бар эле. Бирок, аным жалган болуп чыкты. Жазуу столуна отурганымда, али көп нерсени билбей турганым анык болду. Эки күн өтпөй, баштап келаткан ишимди жаап таштадым да, лирикалык циклын жазууга өтүп кеттим. Чынын айтсам, чыгынып барган ишим иштелбей, Ялтадан ызалуу кайттым. Ошол ыза менен Академиянын кол жазмалар фондусундагы Акмат Рысмендиевдин, Б.Сазановдун, С.Каралаевдин варианттары менен, толгон-токой семетейчилердин кол жазмалары менен таанышып чыктым, өзгөчө Сакемдин том-том болгон кол жазмаларын түгөл окуп чыгыш оңойго турган жок. Бирок, акыбети кайтып, 1980-жылда «Манастын уулу Семетей» драмасын кыргыз драма театрына бердим. «Манастын уулу Семетей» театрга коюлган кийин «Сейтекти», анан барып «Айкөл Манасты» жаздым» [1.]. Ушундай даярдыктардан кийин автор «Айкөл Манас» драмасын 1984-жылдан баштап жазып 1986-жылы Кыргыз Академиялык драма театрында зор ийгилик менен коюлду.

«Семетей», «Сейтек» - «Манас» эпосунун бөлүктөрү жана уландысы. Эпостун бөлүктөрү бирин-бири уланткандык генеологиялык принципке курулгандыктан, мен талдоону «Айкөл Манас» драмасынан баштоону ылайык көрдүм.

Ж.Садыков аталган пьесасын жазууда бардык окуяларды камтууга умтулбайт, анткени бүт эпосту драмага сыйдыруу мүмкүн да эмес эле, ошондуктан автор Көкөтөйдүн ашын жана Чоң казатка аттанууга байланыштуу окуяларды гана алат.

Автор бекеринен бул окуяларды тандап албаган чыгаар, бул эпизоддор эпостун башка бөлүктөрүнө салыштырганда кыргыз элинин турмушун, үрп-адатын кеңири эпикалык формада сүрөттөлгөндүгү менен айырмаланат. Эпизоддорго ат чабыш, эр сайыш, жамбы атыш, ошондой эле тамак аш берүүнүн шаан-шөкөттөөрү кеңири сүрөттөлөт.

Драмада Манас элдин ой-тилегин, мүдөөсүн көздөгөн, бардык элдердин биримдиги, эркиндиги үчүн болгон аракетин жумшаган патриоттук сезими күчтүү баатырдын образын ачык көрөбүз. Окуяга келсек Көкөтөйдүн ашында Нескара, Коңурбай, Жолойлор уюшуп алышып, Манастын жогунан пайдаланып, болор-болбос шылтоолор менен чыр чыгарышып, Мааникер күлүктү бересиң деп кысышканда Кошой Айдарды Манаска чаптырат. Манас келип дөөгүрсүп аткан Коңурбай, Жолойлорду ооз ачкыс кылып, ордуна коет. Ошентип, айкөл аштын башында туруп, аны өткөрүүнү өзү көзөмөлгө алат. Эпостогудай эле, драмада да ат чабыш, жамбы атыш, ошонддой эле тамак аш берүүнүн шаа-шөкөттөрү сүрөттөлөт. Биз жогоруда 1946-жылы К.Маликов

менен А.Токомбаев «Манас» операсынын либреттосун биргелешип жазышканын айтканбыз. Анда негизинен «Көкөтөйдүн ашы» эпизоду кеңири сүрөттөлөт.

Либреттодо Көкөтөйдүн ашында Бокмурундун эссиздигинен Манас чакырылбай калганы баяндалат. Нескара баштаган калмактар чыр чыгарып, өз билгендерин кылып, Көкөтөйдөн калган Мааникер күлүгүн сурап чыр чыгарганда, кыргыздар айласы кетип унутта калган Манасын чакыртышат. Баатыр келгенге чейин:

Суук укурук салалы,

Өкүмүнө көнбөсө, туусун жерге жапырып, күлүн көккө сапырып,

кербездеген бурутту койбой чаап алалы, [2. 41-б.] - деп эрдемсип аткан Жолой Манасты көргөндө эмне кылаарын билбей калат. Манастын каарданганын көрүп чоочуп, кытай ханы Эсенкан андан кечирим сураганга мажбур болот. Ал эми драмада Эсенкан ашка катышпайт, эпосто да ашка катышканы учурабайт. Демек, бул либреттого киргизилген авторлордун кошумчасы. Драмада калмак хандарынын бири да мөрөйгө ээ болбой, бардык байгелерди кыргыздар утуп алышат. Жамбыны да Манас атып түшүрөт. Олжосун Кошойго тартуу кылат, байгени:

«сандыгы – Кошой абама,

көмүркөйү- Бакай агама», [3. 217-б.] - деп жардык кылат.

Драматург эпостогу Көкөтөйдүн ашы эпизодунун негизги өзөк окуяны бузбастан, чеберчилик менен драманын сюжетине ширелте алган.

Балбан күрөштө кыргыздардан батынып киши чыкпаганда Манастын өтүнүчү менен карыса да, Кошой күрөшкө түшмөк болот. Күрөштүн эрежеси боюнча териден тигилген кандайган шым кийип гана күрөшүү керек эле. Каныкейдин кысталышта жол тапкан акылдуу экендиги ушунда көрүнөт. Ал эл намысы үчүн ар түркүн иш-аракеттерди жасай тургандыгын түшүнүп, баатырды кем-карчсыз даярдап камдаган. Намысты колдон алдырчудай болуп, кан Кошой алактап калган мезгилде Каныкей жасаган кандагай шым керекке жарайт. Кошой Каныкейди акылына, айлакерлигине ыраазы болуп, батасын берет.

Пьесадагы сүрөттөлгөн балбан күрөш, либреттого үндөш. Либреттодо да Кошой эркек балалуу бол, аты Семетей болсун – деп бата берет. Ошондой эле анда Манас менен Конурбай эр сайышка чыгып, Манас женишке ээ болот да элдин:

Албан жоолор алалбас,

Чебибиз экен Эр Манас,

Беттеп дөөлөр келе албас,

Манас, Манас, Манас,

Белибиз экен Эр Манас-[4. 49-б.] деген жардык менен либретто аяктайт. Мындай жардык айтуу менен жыйынтыкталышы, элдин тилеги- өзүн эл катары сактап, көз каранды болбой, сырттан келген душмандарга каршы турууну бир гана Манас иш жүзүнө ашыра алат дегендик. Манас Ата Мекендин ыйык наркын түшүнүп, зор идеялар менен канча кылым өтсө да, элдин сезиминде жашай берет.

Пьеседагы сүрөттөлгөн «Көкөтөйдүн ашы» эпизоду кандайдыр бир деңгээлде либреттого үндөш, анткени сюжеттик өзөктү эки чыгарманын авторлору толук сактоого аракеттенишкен, аны бурмалоого мүмкүн да эмес, либретто менен драмадагы кийинки сүрөттөлгөн эпизоддор, тактап айтканда «Чон казатка» даярдык жана Манастын өлүмү сыяктуу эпизоддор жок.

Драмада Тазбайматтын жоругу кызыктуу эпизоддордун бири. Алмамбет Тазбайматты он башы кылып шайлайт, анын карамагына Манас кирет. Элди санап келгенде, онунчусун таппайт.

Кайра-кайра санап, таба албай, бир топ убара болот:

Колдун баш-аягын бүтүн карадым,

Кайда кетип, кайда жоголот?..

Ойго түшсө ойдон,

Бир эмес он жолу санагам,

Асманга эле учуп кетпесе,
Менин көз алдыман,
Жоголмок эмес жан адам [5. 62-б.].

Такыр табалбаганда, Алмамбет: «Болду, буйрук бардыгыбызга бирдей берилген, аны аткарбаган жоокер, баш тарталбайт өлүмдөн! Алпаргыла да, башын чаптырып салгыла!» -деп Тазбайматтын башы алынарда Манас «Тазбаймат унуткан тура, онунчусу мен эмес белем?!»- дейт. Көрсө ал Манасты унутуп калыптыр. Бул сцена эпостогудай эң жогорку чегинде көркөм сүрөттөлөт.

«Манаста» согуштук жүрүшү Ата Мекенинин кызыкчылыгы менен тыгыз байланышта сүрөттөлөт. Буга Алмамбет менен Сыргак тынч алганы мисал боло алат. Манас Алмамбетти чалгынга жибергенде, ал Сыргакты ала кетет. Муну Кыргыл чал Чубакка «Манас сени Алмамбеттен кем көрөт, ага көбүрөөк ишенет» деп көкүтөт.

Ал эми эпосто муну Бозуул Чубакка келип, чалгынга жарабай оорукта калганын айтып чагым салат. Чубак драмада Кыргыл чалдын, эпосто Бозуулдун бузуку сөзүнө кирип, чалгынга барбай калганына капаланып, Бакайдын айтканына көнбөй, чалгынга кеткен Алмамбет менен Сыргактын артынан барат деп таарынып, Алмамбетти «каңгайдан келген кулсуң»деп кордогонго чейин барат.

«Качан болсо Каңгай дегениңди койбодуң!»- деп ызаланган Алмамбет таарынып кетмекчи болгондо, Манас келип калып, аларды жараштырат. Чубак күнөөсүн сезип, башын ийип кечирим сурайт. Бул эпизоддон Манастын баатырлардын башын кошуп, бирин жогору, бирин төмөн койбостон, ордун таап жөнгө салганын, айкөлдүн баарына бирдей калыстыгын байкайбыз.

Манастын адамгерчиликтүүлүгү, кеңпейилдүүлүгү, анын өзгөчө артык сапаттары болуп эсептелет. Анын баатырдыгына бап келгидей айкөлдүгү, ичине арам санабаган кеңпейилдигине шайкеш келип турат. Ошондуктан, Манаска ишенген тагдыр коогалаңсыз, аны менен чогуу жашоо коопсуз.

Манас баатырдын айкөлдүгүнөн улам колго түшкөн Коңурбай менен Нескараны коё берген жаңылыштыгы душмандын пайдасына чечилет. Манастын өлүмү сүрөттөлгөн эпизоддо драматург өзүнүн кошумчасын киргизгенин байкоого болот.

Бүкүр (Шуйкучу) Манаска байланыштуу «жашыруун сырды» Коңурбайга жеткирет. Ал Манастын ордосунда жүрүп, Чыйырдынын сөзүн тыншап, уккандыгы көрсөтүлөт. Манас төрөлгөндө энеси Чыйырды мүрөктүн суусуна киринткенде, эки далысынын асты кургак калгандыгы болбосо, калган денеси бардык кырсыктарга туруштук берерин айтат. Ажыбайдын уктап кеткенинен пайдаланып Коңурбай далыга, талылуу жерге найза саят. Ал эми эпосто Манастын жарадар болушу башкача көрсөтүлөт.

Шуйкучу Манаска ашпозчу болуп жүргөн. Ал кытай Манастын жаткан-турганын, эмне кылганын бүт катка салып жүрөт, кыргыздардын башкы баатырын эртең менен ич кийимчен, чепкенин желбегей жамынып, даарат алып, мунарга чыгып асан чакырган учурда гана өлтүрүүгө боло турганын Коңурбайга билдирет. Коңурбай андып жүрүп жоо кийимсиз, бейкапар асан чакырууга камданып жаткан Манасты аркасынан келип атайы жасалган айбалта менен шилиге чапканы сүрөттөлөт.

Драмада да баатырдык намысын бийик туткан Манас душманынын айла-амалына, куулук- шумдугуна кайдыгер караганынан өлүмгө дуушар болот.

Демек, эпостук сюжетке өзүнүн орундуу кошумчаларын киргизүүгө аракеттенет. Эпостогу турмуштук окуяларды, реалисттик адабияттын ыкмалары менен көрсөтө билүүсү Ж.Сыдыковдун драмаларынын өзөгүн түзүп, сюжеттик курулушуна негиз болгон.

«Манастын уулу Семетей» драмасы 1976-жылдан баштап жазылып, 1980-жылы Кыргыз драма театрында ийгиликтүү коюлган. Пьеса ыр менен жазылган. Драма көрүчүүлөрдүн купулуна толуп, учурунда басма сөздөргө бир нече макалалар жарыяланган. Алсак: Эл акыны С.Жусуевдин «Мазмундуу, маанилүү спектакль» [6.]

деген макаласында «Манастагы окуялар, каармандар жөнүндө эпостун өзүндө: «Көбү жалган, көбү чын-көрүп турган киши жок , жарымы жалган, жарымы чын-жанында турган киши жок»- деп айтылганы менен, кыргыз эли өзүнүн улуу эпосундагы окуяларга каармандарга турмушта жана тарыхта болгондой карашарын билебиз. Бул жагдайды да драматург көңүлүнө бек түйүп иштегенин көрөбүз. Драма ыр менен жазылып, пьесадагы ырлар эпостун ырларынын күүсүнө, стилине ылайыктырыштылган. Пьесанын тили элпек, жатык жана образдуу. Муну көрүүчүлөр жакшы кабыл алгандыгын спектаклдын жүрүшүндө байкадык».

Чынында эле пьеса көрүүчүлөрдүн купулуна толушунун башкы себеби биринчи кезекте чыгарманын жогорку көркөмдүк деңгээлде жазылышы болуп эсептелет.

Бул жөнүндө адабиятчы К.Артыкбаевдин: «Ж.Сыдыковдун эпостордун негизинде жазылган драмаларынын бирден бир жетишкендигин элдик чыгармаларды эпостук мотивдерге караганда турмуш-тиричиликтен жаралып, реалисттик маанайда өнүккөн окуяларды көбүрөөк негиз катары тандап катары тандап алып, каармандардын жеке мүнөздөрүн ачып көрсөтө алгандыгынан көрүүгө болот.Элдик эпостордо кезигүүчү көтөрүңкү маанайда өнүккөн окуяларды көбүрөөк негиз катары тандап алып, каармандардын жеке мүнөздөрүн ачып көрсөтө алгандыгынан көрүүгө болот. Элдик эпостордо кезигүүчү көтөрүңкү маанай, шаан-шөкөттүү баяндамалар драматургдун чыгармачыл мамилесинен улам драманын өзөгүнө жуурушулуп, кадимки адамдардын турмушуна айланган»- деген пикирине кошулууга болот. Автор драма жазууда Каныкейдин Букарага качып кетиши жана Семетейдин эр жетип чоноюп, кайра өз мекенине, элине кайтышы сыяктуу окуяларды негиз кылып алган. Пьесада автор Ата Мекендин ыйыктыгы жана туулган жердин кымбаттыгы, андан ажырап калуу өлүмдөн да оор экендигин берүүнү көздөйт. Мекенге болгон сүйүү, анын эркиндиги үчүн күрөшуу темасын автор негизги идеялык лейтмотив катары алып жүрөт. Драмада баатыр Манас өлүп, Семетей бешикте жетим калып, эл аза күтүп турган жерден башталат. Манастын ашы өтө электе Манастын биртуугандары Абыке, Көбөштөр биригип, бийликке жүткүнүшүп, элди эзүүгө өтөт.

Баатырдын арбагын сыйлап, жылдыгы өтмөйүн кара жамынуу ошол мезгилдердин салты болсо да, Жакып, Абыке, Көбөш бийлик жүргүзүүгө ашыгышат да, Каныкейди Абыкеге алып берип, ордого бийлик кылууга аракеттенишет. Семетейди жок кылууга, ордону талап, Каныкейди урганга чейин барат.Акылман Бакай Семетейди аман алып калуу аракетте Каныкейди Чыйырды менен Букарага качып кетишине жардам берет. Семетей эр жетип, бир мезгилде эл-жерине келерине эл ишенет. Семетей жаш кезинен кетип, Букардын ханы Ысмайылдын колунда чоңоюп, эли кыргыз, жери Талас экендигин билбей өскөн Семетей бир күнү аң уулап жүргөн жерден Сарытазга жолугат. Андан өзүнүн жайын уккандан кийин аны коңүлүн атасы Манас экендиги, жергеси Талас экени ээлеп, сөздүн аныгына жетүүгө аракеттенет. Каныкейдин толук дайнын уккан соң, токтоосуз Таласка жөнөйт.

Драмада да Семетей Манаска таандык миссияны аткарып, чабылган-чачылган элдин башын кошуу милдетин алат. Анын кара күчүнө шайкеш келген патриоттук сезимге энеси Каныкей тарбиялайт.

Каныкейдин Манас баатыр жөнүндө жомогун, Семетейдин жан дүйнөсүнө жеткирет. Ошондуктан Семетей өз теги ким экендигин уккандан кийин, энесинин жомогунда айтылган элге, жерге барууну эңсейт.

Пьесада Каныкей Семетейдин сезимине эл журтунун, улуулугун, ыйыктыгын жеткиргендиктен, киндик каны тамган жерди көргөндө ички толгонуулардын бийиктигине жеткен Семетейдин психологиялык абалы ишенимдүү берилген. Драматург каармандын эл жерге болгон сагынычын көркөм чагылдыруу аркылуу Мекендин касиети, кубаты канчалык экендигин чечмелейт. Семетейдин Мекенге умтулуп, Ата Мекен алдында атуулдук милдетин өтө орчундуу орунду ээлей тургандыгын драматург алдыңкы планга алып чыгат.

Автор Каныкейдин Манастан калган туяк- Семетейдин душман көзүнө көрсөтпөй эр жеткирип, эл баатыры болгонго чейин тарбия, камкордугун көрсөтүп, кыйноодо калган элдин мүдөөсүн орундатканга чейинки учурду көрсөтүүнү максат кылып алган. Драматург пьесада Каныкейдин акылман, улуу эненин образын жеткиликтүү кылып ачып берүүгө жетишкен. Каныкейдин образы терең таасирдүүлүктө берилип, эпостогу образдан кем түшкон эмес.

Ошондой эле драмада майтарылбас эрктүү адамдардын көркөм дүйнөсүн, пендечилик турмушун чагылдырууну драматург унутта калтырган эмес. Буга ачык мисал Бакайдынобразы болуп саналат. Манастын көзү тирүү кезинде Бакай баардык ишти башкарган, акылман карыя катары орду бар. Манас дайыма аны «алдыда жүрсө акжолтой, артта калса сан колдой» деп баалап, акылынан кыя өтпөй иш жасайт. Баатырлардын көзү өткөндөн кийин Бакайды баалаган адам табылбай, жалданма кулга айланат. Бирок, буга Бакай кайгырбастан, бешикте кеткен Семетейдин аман-эсен чоңоюшун күтөт. Драмада Бакайдын элдин түпкү кызыкчылыгында канчалык орду бар экендиги реалдуу көрсөтүлгөн. Семетей – Манас баатырдын Кытайга калган кунун алууну, тышкы душман Коңурбайдын жазасын берүүчү баатыр Манастын баласы гана болбостон, анын жолун улантуучу бирден - бир адам.

Пьесада ар бир образ автор тарабынан чыйрак иштелип, эпостогу жүзүн кескин өзгөртпөй, көркөмдүк жактан толук кандуу ачылган образдар. Мында Ата Мекенди коргоо, адилеттүүлүк идеясынын жүзөгө ашырылышы берилет. Автор даяр мазмунду көчүрүп албастан, образдарды конкреттештирип иштеп чыккан. Ошондой эле аларды сахналык турмушка ылайыкташтырып, реалдуу чындыкка жакындаштырган. Бул тууралуу пикирин учурунда театр сынчысы А.Сырымбетов да: «Драматург даяр мазмунду көчүрүп албай, нукура элдик чыгарманын нугун сактоо менен барыдан мурда өз мезгилинин жана өз коомунун актуалдуу проблемасына байланыштырууга, андагы социалдык философиялык ойдун тереңдигин көтөрүүгө аракеттенет» - деген тыянагын айткан.

Жалил Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасы жакынкы жана алыскы чектеш өлкөлөрдө да, Казакстан, Өзбекстан, Туркия эллине чейин чоң ийгилик менен коюлуп келген. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, драматург Абдугани Абдугафуров «Мен кыргыздын өзбеги, өзбектин кыргызымын» аттуу макаласында мындай деп жазат: «Кыргыздын залкар жазуучуларынын чыгармаларын өзбек тилине которуп, Ташкенттен китеп кылып чыгардым. Көптөгөн пьесаларды которуп Анжиян, Наманган, Фергана, Ташкент театрларында сахнага койдурдум. Мисалы, урунттууларын айтсам, Жалил Садыковдун «Манастын уулу Семетей», «Айкөл Манас» драмаларын Бабур театрында коюшту. Ал эми Ташкентте бул драманы телефильм кылып тартып чыгарышкан» [9.] - деген.

Чынында эле драмада патриоттук кызыкчылыктын бардык түшүнүктөрдөн жогорулугун түшүндүрүүгө негизги орундуу бергендиктен, Сейтектин тагдыры Манаска да, Семетейге да окшошпостон, башкача сүрөттөлөт. Драмада да Канчоронун Семетейге кылган каршы аракеттерин көрсөткөн эпизоддор сүрөттөлөт. Канчоро тымызын Семетейдин душмандарын издейт. Семетейге душманчылык кыла турган анын аялы Чачыкей менен мамилесин түзгөндүктөн, кыязды да тартат. Кыяз Толтойдун кегин алууга аракеттенсе, Канчоро Семетейдин көзүн тазалап, бийликке келүүгө умтулат.

Ошон үчүн ал Семетейдин адилет чечимин арам ойлойт. Канчоро менен Кулчоро Суркоёнду талашып калганда Семетей айкөлдүк, калыстык кылып, тулпардын чылбырын экөөнүн ортосуна ыргытып, кимин мурда жетсен, күлүктү ошонун аласын-дейт. Кулчоро шамдагайлык кылып, чылбырды мурда кармайт да, Суркоёнго ээ болот. Канчоро мында да кынтык издеп, чылбырды Кулчорого оодук ыргыттың деген таарынычын Семетейге билдирет. Муну Чачыкей да ого бетер күчөтөт. Драмада Семетейдин алабармандыгы да ачык көрсөтүлгөн. Канчоро Кыяз менен тымызын макулдашып, Манастын күмбөзүнө Семетей менен Кулчорону эч куралсыз алып баруу

амалы ишке ашат. Акылдуу, көрөгөч Каныкей көргөн түшүм жаман, барбагыла десе да, тилин албай жөнөп кетишет. Жолдон Бакай жакшылык, жамандыкта алдын ала билдирип турган көө ташты төлгө кылганда, Семетей да, Күлчоро да ташты ордунан козголто албай койгондо, Бакай бу сапар жолубуз болбой калды деп, кайтууну сунуш кылат. Семетей Канчоронун көнүлүн кыя албай, анын тилине көнөт. Канчоронун кастыгын эч ким сезбейт, анын тымызын иштеген аракети ойлогондой чыгып, Семетей өлүмгө дуушар болуп, Кыяз менен Канчоро элин бүлүндүрүп, бийликке келишет. Күлчорону кулга айландырып, Бакайды, ак сүтүн берип чоңойткон Каныкейди азапка салат.

Талас элин талкалап, бийликке жеткен Кыяз олжо катарында Айчүрөккө үйлөнөт, анын боюнда күмөн бала калат. Сейтекти энеси он эки ай көтөрөт. Сейтек Кыяздын колунда тарбияланып, анын мураскору катары чоңоет. Сейтек да Манас менен Семетейдин адамгерчиликтик, адилеттик, калыстык сыяктуу эл эңсеген касиеттерге ээ болуп чоңоет. Сейтектин эл сүймөнчүлүгүнө ээ болушу анын элдин ой-тилегин жыйынтыктап, аягына жеткиргендигинде.

Ырас эле, Ж.Садыковдун «Манас» үчилтиги тууралуу эң эле узак сөз кылсак болот. Себеби «Манас» эпосу эбегейсиз чоң мухит, дуйнөлүк көркөм дөөлөт. «Манас» руху кыргыз элине кылымдарга кызмат кыла берерине эч шек жок.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Садыков Ж. Манасты кан-жаныбызга синиришибиз керек.// Эркин-Тоо,2001 7-июнь.
2. Токомбаев А., Маликов К. Манас: Либретто. – Фрунзе.: Кыргызстан, 1947. – 41-б.
3. Ж.Садыков. Айкөл Манас.- Бишкек.,1995. – 217-б.
4. Токомбаев А., Маликов К. Манас: Лимбретто. – Фрунзе.: Кыргызстан, 1947. – 49-б.
5. Ж.Садыков. Айкөл Манас.- Бишкек.,1995. – 62-б.


***Рецензент: Өсүбекова Г.Т.*** - *филология илимдеринин кандидаты, доцент К.И.Скрябин атындагы КУАУнун кыргыз жана орус тилдер кафедрасынын башчысы*